№ 755-ФХД/25 17.02.2025

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(Билим берүү программаларынын аккредитацияга даярдыгы жана институционалдык, программалык постаккредитациялык мониторингдин процедуралары жөнүндө)

2025-жылдын 14-февралындагы ОшМУнун Административдик кеңешиндеги № 17 протоколунун чечими менен «Билим берүү программаларынын аккредитацияга даярдыгы жана институционалдык, программалык постаккредитациялык мониторингдин процедуралары жөнүндө» 1-маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. ОшМУнун академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы К. Дж. Султанованын «Билим берүү программаларынын аккредитацияга даярдыгы жана институционалдык, программалык постаккредитациялык мониторингдин процедуралары жөнүндө» маалыматы эске алынсын.

2. 2025-жылдын 20-мартына чейин кызыкдар тараптардын билим берүүнүн сапатын жогорулатуу багытындагы сунуш-пикирлерин эске алуу менен билим берүү программаларын (ББП) реализациялоонун сапат кепилдигин камсыздоо боюнча өздүк баалоо процедураларын жүргүзүү билим берүү программаларынын жетекчилерине, кафедра/бөлүм башчыларына, предметтик-циклдык комиссиянын төрага/төрайымдарына жана структуралардын окуу-методикалык кеңешинин жетекчилерине милдеттендирилсин.

3. 2025-жылдын 1-мартына чейин билим берүү программаларынын өздүк баалоо процедурасына тиешелүү документтеринин абалына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында аныкталган кемчиликтерди жоюу, сунуштарды аткаруу тийиштүү билим берүү программаларынын жетекчилерине, кафедра/бөлүм башчыларына, предметтик-циклдык комиссиянын төрага/төрайымдарына, милдеттендирилсин.

4. 2025-жылдын 1-мартына чейин структуралык бөлүмдөрдүн веб-сайттарында билим берүү программаларынын ишмердигин чагылдырган маалыматтарды жаңылоо, толуктоо жана логикалык ырааттуулук менен жайгаштыруу ар бир факультеттердин декандарына, жогорку мектеп, институт жана колледждердин директорлоруна жана сайтка жооптуу кызматкерлерге милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлдөө санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор, доцент У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.

5. Билим берүү программаларынын деңгээлинде аккредитация процедурасына даярдануу жана өздүк баалоо отчётун 2025-жылдын 20-мартына чейин агенттиктердин талабына ылайык даярдоо билим берүү программаларынын жетекчилерине, кафедра/бөлүм башчыларына, предметтик-циклдык комиссиянын төрага/төрайымдарына милдеттендирилсин.

6. 2025-жылдын 1-мартына чейин аккредитациядан өтүп жаткан билим берүү программаларын тейлеген кафедра/бөлүм башчыларына, предметтик-циклдык комиссиянын төрага/төрайымдарына, программа жетекчилерине «Билим берүүнүн менеджменти» боюнча квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүү милдеттендирилсин. Уюштуруу иштери ОшМУнун квалификацияны жогорулатуу борборунун директору Т. А. Джороевге жүктөлсүн.

7. НААР агенттиги тарабынан берилген рекомендациялардын аткарылгандыгы боюнча программалык постаккредитациялык мониторингдин отчётун 2025-жылдын 20-мартына чейин даярдоо тийиштүү билим берүү программаларынын жетекчилерине,

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

кафедра/бөлүм башчыларына, предметтик-циклдык комиссиянын төрага/төрайымдарына милдеттендирилсин.

Жетектеген структуралары боюнча жогоруда аталган иштердин аткарылышын көзөмөлдөө факультеттердин декандарына, жогорку мектеп, институт жана колледждердин директорлоруна жүктөлсүн.

8. Институционалдык аккредитациянын жыйынтыгы боюнча НААР агенттиги тарабынан берилген рекомендациялардын аткарылгандыгы жөнүндө постаккредитациялык мониторингдин отчётун 2025-жылдын 20-мартына чейин даярдоо 2025-жылдын 7-февралындагы № 627-ФХД/25 буйругунун негизинде бекитилген жумушчу топтун мүчөлөрүнө, структуралардын жетекчилерине милдеттендирилсин.

9. Аккредитациядан өтүп жаткан билим берүү программаларынын абалын жеринен талдоо жүргүзүп, керектүү маалыматтарды камсыздап берүү 2025-жылдын 1-мартына чейин кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г. Турдубаевага, борборлоштурулган эсепкананын башкы эсепчиси А. А. Исираиловго, административдик-чарба департаментинин директору А. Т. Зайнидиновго, маалыматтык технологиялар жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө борборунун директору Р. Ж. Ураимовго, илимий китепкананын директору А. М. Орозбаевге, илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы Н. Н. Курбанбаевага, окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы М. М. Былыковага, практика жана карьера борборунун башчысы Т. К. Матикеевге, пландоо-финансылык бөлүмүнүн начальниги Д. Ш. Курбанбаевага, аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы Ж. Т. Молдалиевге, эл аралык байланыштар департаментинин директору С. С. Ибраимова, академиялык иштер бөлүмүнө жана башка бөлүм жетекчилерине милдеттендирилсин.

10. Билим берүү программаларынын өздүк баалоо отчётун даярдоодо пайда болгон муктаждыктарга ылайык 2025-жылдын 1-мартына чейин 1 күндүк семинарларды өткөрүү окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы М. М. Былыковага, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы К. Дж. Султановага милдеттендирилсин.

11. Аккредитациялоого байланышкан иштердин аткарылышын жалпы координациялоо ОшМУнун академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Т. М. Папиева жана аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы К. Дж. Султановага жүктөлсүн.

12. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун окуу иштери боюнча проректор, доцент Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысынын, окумуштуу катчынын билдирүүсү, проректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021